**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ТЫШКЫ ИШТЕР
МИНИСТРЛИГИНИН
К. ДИКАМБАЕВ атындагы
ДИПЛОМАТИЯЛЫК АКАДЕМИЯСЫ**

**MINISTRY OF FOREIGN AFFAIRS
of the KYRGYZ REPUBLIC
DIPLOMATIC ACADEMY
named after K. DIKAMBAEV**

**МИНИСТЕРСТВО ИНОСТРАННЫХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ДИПЛОМАТИЧЕСКАЯ АКАДЕМИЯ
им. К. ДИКАМБАЕВА**

**720040, Бишкек шаары
Эркиндик бульвары, 36
телефон: (+996 312) 66-01-85
факс: (+996-312) 66-01-85
эл. почта: dipacademy@mfa.gov.kg**

**720040, город Бишкек
бульвар Эркиндик, 36
телефон: (+996 312) 66-01-85
факс: (+996-312) 66-01-85
эл. почта: dipacademy@mfa.gov.kg**

**720040, Bishkek
Boulevard Erkindik, 36
tel: (+996 312) 66-01-85
fax:(+996-312) 66-01-85
e-mail: dipacademy@mfa.gov.kg**

____________________№ ____________________

на №______________от ____________________

**Кыргыз Республикасынын
Илим, жогорку билим жана инновациялар
министринин орун басары
Н.К.Омуровго**

**Урматтуу Нурлан Кубатович,**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Казы Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясы Сиздердин өлкөбүздүн жогорку окуу жайларында жүргүзүп жаткан стратегиялык жана инновациялык ишмердүүлүгүңүздөрдү колдоо менен министрликтин жүргүзүп жаткан иш-аракеттерине ийгилик каалайт.

Ошону менен бирге, Сиздин кароонузга Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Казы Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясы жетекчилик кылган, Европа Биримдигинин ERASMUS+ GREENKG долбоорунун алкагында өткөрүлгөн "Кыргызстандагы жашыл жана санарип университеттеринин моделин калыптандыруу" аттуу Каракол кеңешмесинин жыйынтыгы боюнча “Жогорку кесиптик билим берүү системасына университеттин “жашыл” жана “санариптик” моделин киргизүү концепциясын” иштелип чыккандыгы тууралуу маалымдайбыз.

Бул демилге Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим жана инновациялар министрлигинин өнүгүү стратегиясына шайкеш келүү менен бирге, жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин коомго тийгизген таасирин жогорулатууга багытталган. Ушул максатта, жогорку кесиптик билим берүү системасында жашыл жана санариптик университеттердин моделин таануу жана ишке ашыруу боюнча концепциясын Сиздердин кароонуздарга сунуштайбыз (тиркелет).

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Аталган долбоор боюнча, Европа Биримдигинин колдоосу менен өлкөбүздүн он (10) алдыңкы университеттеринде, борбор калаада жана регионалдык университеттерде да, “Жашыл жана санариптик кеңселер” ачылып, алгылыктуу иштерди алып бара баштагандыгын маалымдайбыз.

Республикабызда, Эл аралык эксперттер долбоорунун алкагында Вильнюс (Литва) “жашыл” жана Гамбург (Германия) “санарип” университеттеринен тажрыйба алмашып келген кырктан ашуун даяр кадрларыбыз бар. Ошондуктан, бул багыт боюнча өлкөбүздүн башка жогорку окуу жайларына дагы тажрыйба алмашуу менен аны жайылтууга жана бул баггытта көмөк көрсөтүүгө даярбыз.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, Сиздин карооңузга "Кыргызстандагы жашыл жана санарип университеттеринин моделин калыптандыруу" концепциясын тиркемеде коштоп жөнөтөбүз.

Тиркеме: аталган долбоор 6 баракта.

**Урматтоо менен,**

**Кыргыз Республикасынын**
**Казы Дикамбаев атындагы**
**Дипломатиялык академиясынын**
**окуу жана эл аралык ишмердиги боюнча проректору,**
**Европа Биримдигинин ERASMUS+ GREENKG**
**долбоорунун улуттук координатору** **Ж.Байтүгөлова**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП
КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН